КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 24** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**Шекер айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын чыгаша бөлүгүнөн үнөмдөлгөн акча каражаты жөнүндө**

Шекер айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын чыгаша бөлүгүнөн үнөмдөлгөн 4878899(төрт миллион сегиз жүз жетимиш сегиз миң сегиз жүз токсон тогуз )сом 20 тыйын акча каражатын карап бөлуштүрүп берүү үчүн **токтом кылат**

1.Шекер айылдык аймагынын бюджетинин негизги эсебиндеги 2024-жылдан чыгашадан ашкан кирешеси 4878899(төрт миллион сегиз жуз жетимиш сегиз миң сегиз жуз токсон тогуз )сом 20 тыйын өлчөмүндөгү акча каражатын каралуусу бекитилсин.

2. Чыгаша бөлүгү төмөнкү тармактарга чыгымдалышы белгиленсин.

**Шекер айыл өкмөтүнүн аппаратына**-3673240,2(Үч миллион алты жүз жетимиш үч миң эки жүз кырк)сом 20 тыйын.

**Шекер айыл өкмөтүнүн Клуб бөлүмүнө**-37925(Отуз жети миң тогуз жүз жыйрма беш) сом.

**Шекер айыл өкмөтүнүн Спорт бөлүмүнө**-1060000(Бир миллион алтымыш мин) сом.

**Шекер айыл өкмөтүнүн Бала бакча бөлүмүнө**-107734(Жүз жети миң жети жүз отуз төрт) сом.

3.Айыл өкмөтүнүн чыгаша бөлүгүнүн бекитилген чыгым беренелери боюнча аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүктүрүү жана каржы бөлүмүнө милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.Э.Иманалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 25** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**Шекер айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы боюнча отчётун, 2025-жылга айыл өкмөтүнүн бюджетин жана 2026-2027-жылдарга бюджеттин долбоорун бекитүү жөнүндө"**

Шекер айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын бюджетинин аткарылышы боюнча отчётун, 2025-жылга айыл өкмөтүнүн бюджетин жана 2026-2027-жылдарга бюджеттин долбоорун бекитүү үчүн **токтом кылат**

1. Шекер айыл өкмөтүнүн бюджети 2024-жылдын 1-январына карата үнөмдөлгөн 4879миң сом болуп, 2025-жыл ичинде киреше бөлүгү 45996 миң сом жана 2025-жыл үчүн аткарылышы 45996 миң сомду түзүп, 2025-жыл үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинин аткарылышы 4879миң сом үнөмү менен бекитилсин.

2. Шекер айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетинин киреше бөлүгү боюнча 45996 миң сом, чыгаша бөлүгү боюнча 45996 миң сом өлчөмүндө кабыл алынсын.

**Киреше бөлүгү төмөнкү киреше булактарынан түшүүсү белгиленсин:**

| № | Аталышы | Суммасы (миң с.) |
|---|---|---|
| 1 | Киреше үчүн салынуучу салык (подоход.налог) | 8672,4 |
| 2 | Ыктыярдуу түрдө төлөнүүчү патент | 182,2 |
| 3 | Ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мү салык | 45 |
| 4 | Атуулдардан түшүүчү жер салыгы (огород) | 312 |
| 5 | Айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайд.үчүн салыгы | 380 |
| 6 | Жайыт арендасы | 1000,1 |
| 7 | УКБФдагы жерлерди ижарага берүүдөн түшүүчү и акы | 5300 |
| 8 | Имараттар жана курулуштардын ижара акысы | 610 |
| 9 | Башка мүлк ижарасына акы | 118 |
| 10 | Тендоочу грант | 23678,3 |
| 11 | Салык төлөнбөөчү атайын каражат үчүн кызмат көрсөтүү төлөмү | 5698 |
| | | |
| | **Баардык түшүүчү киреше** | **45996,0** |

**2025-жылга Шекер айыл өкмөтүнүн бюджетинин чыгаша бөлүгү төмөнкүчө бекитилсин:**

**Анын ичинен:**

- **Айыл өкмөтүнүн аппаратына - 19380,2миң сом**
- **Экономикалык маселе (жайыт) -1000,1 миң сом**
- **Орто мектеп - 2128,2миң сом**
- **Балдар бакчасы -11314,9 миң сом**
  **анын ичинен (атайын каражат үчүн) - 5698миң сом**
- **Клуб -2157,6миң сом**
- **Китепкана -1213,2 миң сом**
- **Спорт комплекс -1221,2 миң сом**
- **Музей -394,9 миң сом**
- **Социалдык бөлүм -1266 миң сом**
- **Коргоо бөлүм -221,7миң сом**

| **№** | **Чыгашалардын аталышы** | **Березе** | **Баардык чыгаша ( миң сом)** |
|---|---|---|---|
| 1 | Эмгек акы | 2111 | 17699,4 |
| 2 | Соц. фонд | 2121 | 2639,5 |
| 3 | Иш сапар чыгымы | 2211 | 884,2 |
| 4 | Телефон чыгымы | 2212 | 195 |
| 5 | Авто унаа чыгымы | 2214 | 315,6 |
| 6 | Ар кандай чыгым | 2215 | 5116,1 |
| 7 | Медикаменттер | 2217 | 20 |
| 8 | Тамак аш чыгымы | 2218 | 1911,3 |
| 9 | Ремонт чыгымы | 2221 | 1981,8 |
| 10 | Предметтер жана материалдар | 2222 | 1622,3 |
| 11 | Комур алуу | 2224 | 640 |
| 12 | Социалдык чыгым | 2721 | 1266 |
| 13 | Резервдик фонд | 2824 | 221,7 |
| 14 | Имараттар жана курулуштар | 3111 | 4011,1 |
| 15 | Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 1774 |
| 16 | Атайын каражат ( тамак аш) | 2218 | 5698 |
| | **Жалпысы** | | **45996,0** |

### 3. 2026-2027-жылдарга киреше бөлүгү төмөнкү булуктардан түшүүсүнүн божомолу

| № | Аталышы | 2026-ж. (миң сом) | 2027-ж (миң сом) |
|---|---|---|---|
| 1 | Киреше үчүн салынуучу салык (подоход.налог) | 8842,2 | 8848,4 |
| 2 | Ыктыярдуу түрдө төлөнүүчү патент | 182,2 | 182,2 |
| 3 | Ишкердик иши үчүн пайдаланылган кыймы. мүлккө салык | 45 | 45 |
| 4 | Атуулдардан түшүүчү жер салыгы (огород) | 312 | 312 |
| 5 | Айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайд. жер салыгы | 380 | 380 |
| 6 | Жайыт арендасы | 1000,1 | 1000,1 |
| 7 | УКБФдагы жерлерди ижарага берүүдөн түш ижара акы | 5400 | 5400 |
| 8 | Имараттар жана курулуштардын ижара акысы | 610 | 610 |
| 9 | Башка мүлк ижарасына акы | 118 | 118 |
| 10 | Тендоочу грант | 23678,3 | 23678,3 |
| 11 | Салык төлөнбөөчү атайын каражат үчүн кызмат көрсөтүү төлөмү | 5698 | 5698 |
| | **Баардык түшүүчү киреше** | 46265,8 | 46272 |

**2026-2027-жылдарга чыгаша бөлүгү төмөнкү тармактарга чыгымдалышынын божомолу**

| | 2026-ж | 2027-ж |
|---|---|---|
| - Айыл өкмөтүнүн аппаратына | - 19400,0миң сом | - 19406,2 миң сом |
| - Экономикалык маселе (жайыт) | -1000,1 миң сом | - 1000,1 миң сом |
| - Орто мектеп | - 2419,8 миң сом | - 2419,8 миң сом |
| - Балдар бакчасы | -11263,3 миң сом | -11263,3 миң сом |
| анын ичинен (атайын каражат үчүн) | - 5698миң сом | -5698 миң сом |
| - Клуб | -2157,6миң сом | -2157,6 миң сом |
| - Китепкана | -1213,2 миң сом | -1213,2 миң сом |
| - Спорт комплекс | -1221,2 миң сом | -1221,2 миң сом |
| - Музей | -394,9 миң сом | -394,9 миң сом |
| - Социалдык бөлүм | -1276 миң сом | -1276 миң сом |
| - Коргоо бөлүм | -221,7миң сом | -221,7 миң сом |

| № | Чыгашалардын аталышы | Берене | Баардык чыгаша (миң сом) | Баардык чыгаша (миң сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Эмгек акы | 2111 | 17710 | 17710 |
| 2 | Соц. фонд | 2121 | 2739,5 | 2739,5 |
| 3 | Иш сапар чыгымы | 2211 | 884,2 | 884,2 |
| 4 | Телефон чыгымы | 2212 | 195 | 195 |
| 5 | Авто унаа чыгымы | 2214 | 315.6 | 315.6 |
| 6 | Ар кандай чыгым | 2215 | 5223,1 | 5226,1 |
| 7 | Медикаменттер | 2217 | 20 | 20 |
| 8 | Тамак аш чыгымы | 2218 | 2051,3 | 2051,3 |
| 9 | Ремонт чыгымы | 2221 | 1791,8 | 1795 |
| 10 | Предметтер жана материалдар | 2222 | 1635,3 | 1632,3 |
| 11 | Комур алуу | 2224 | 1200 | 1200 |
| 12 | Социалдык чыгым | 2721 | 1276 | 1276 |
| 13 | Резервдик фонд | 2824 | 234,7 | 234,7 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 14 | Имараттар жана курулуштар | 3111 | 3537,3 | | 3540,3 |
| 15 | Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 1754 | | 1754 |
| 16 | Атайын каражат ( тамак аш) | 2218 | 5698 | | 5698 |
| | **Жалпысы** | | **46265,8** | | **46272** |

4. Токтомдун негизинде айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышын камсыз кылуу айылдык аймагынын социалдык экономикалык өнүктүрүү жана каржы бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.

5.Бюджетти аткаруу процессинде айыл өкмөтүнө төмөнгүдөй мүмкүнчүлүктөрү берилсин. Жыл ичинде сметанын чегинде беренеден беренеге, бөлүмдөн бөлүмгө , ошондой эле кварталдан кварталга жылдырууларды жүргүзүп турууга ошондой эле өзгөртүүлөрдү атайын эсептер боюнча жүргүзүүгө.

6. Жургүзүлгөн сметалык өзгөрүүлөрдү жылдыруулардын эсебинен кварталдын, жылдын жыйынтыгы менен айылдык Кеңеште бекитүүгө сунушталсын.

7. 2025-жылга айыл өкмөтүнүн накталай кассалай акча жүгүртүүсү 1,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

8. Айыл өкмөтүнүн бюджетин бекитүүдө чыгаша бөлүгү боюнча зарыл болгон чыгымдарды Республикалык бюджеттен алынуучу каражаттан каржылоо жагы Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинен суралсын.

9.Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын муниципиалдык кызматкерлернин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөө кызматкерлеринин эмгек акысынын шарттарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №131 жана№22 токтомуна ылайык төлөнүп берилсин.

10. Кирешелерден ашык түшкөн убакта чыгаша бөлүгү мыйзам чегинде жумшалсын.

11. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы Шекер айыл өкмөтүнүн башчысы Мураталиева Бакыткул Молдалиевнага жүктөлсүн.

Төрага К.Э.Иманалиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 26** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин турак имараттары жана жайлары үчүн ставканын өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 379-беренесине ылайык турак имараттары жана жайлары үчүн ставканын өлчөмү бекитүү үчүн **токтом кылат**

1.Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 379-беренесине ылайык турак имараттары жана жайлары үчүн ставканын өлчөмү 1 чарчы метри 70 (жетимиш) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Мураталиевага жүктөлсүн.

Төрага К.Э.Иманалиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**
**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**
**ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 26** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин турак имараттары жана жайлары үчүн ставканын өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 379-беренесине ылайык турак имараттары жана жайлары үчүн ставканын өлчөмү бекитүү үчүн **токтом кылат**

1.Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 379-беренесине ылайык турак имараттары жана жайлары үчүн ставканын өлчөмү 1 чарчы метри 70 (жетимиш) сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Мураталиевага жүктөлсүн.

Төрага **К.Э.Иманалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 27** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы,2022-жылдын 18-январында №4 сандуу кабыл алынган “Салык кодексин колдонууга киргиз”жөнүндө Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 3-апрелиндеги №78 мыйзамынын редакциясына ылайык мүлк салыгын карап берүү жөнүндө**

Шекер айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Жекшеналы уулу Чубактын Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388-беренесиндеги имарат жайлардын зоналык коэфицентин өзгөртүү боюнча кайрылуусун карап чыгып **токтом кылат.**

1. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388-беренесин калктуу конуштардагы имарат жайлардын зоналык коэфиценти 1.0 ден 1.2 чен бирдигине көтөрүлсүн.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Шекер айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн киреше боюнча башкы адиси Т.Сыдыковго милдеттендирилсин

**Төрага** **К.Э.Иманалиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**
**АЙТМАТОВ РАЙОНУ**
**ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 28** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**Шекер айыл аймагындагы Маалыматтык ,жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо,имараттардын,курулмалардын фасадынын тышкы көрүнүшү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө**

Шаар куруу жана Архитектура боюнча башкармалыгынын 2024-жылдын 18-декабрындагы №01-6/15 сандуу катында сунушталган Жобону карап жана талкуулап чыгып Шекер айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**

1.Шекер айыл аймагындагы Маалыматтык ,жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо,имараттардын,курулмалардын фасадынын тышкы көрүнүшү боюнча Жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.(№1 Тиркеме 53 баракта)

2.Бул токтом каттоого алынып,Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигине жиберилип ченемдик укуктук актыларынын реестрине киргизүү жагы айылдык кеңештин жоопту катчысына милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Мураталиевага жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Э.Иманалиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>АЙТМАТОВ РАЙОНУ<br>ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 29** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**“Тазалык” муниципалдык ишкананын иш жүргүзүү тарифин бекитүү жөнүндө**

1.Жайытка жайыт билет албай,уруксаты жок жайытка чыккандыгы үчүн айып, мал башына.1 баш койго 50 сом
1 баш кара малга 200 сом
1 жылкыга 200 сом
Таза суу,таштанды жана техникалар боюнча.
Көк-Сай,Кайнар айылдарында суу пайдалангандыгы үчүн бир түтүнгө 200 сом.
Шекер айылына 150 сом,Арчагул айылына свет пайдаланбагандыгы үчүн 100 сом.
Таштандыга төлөө ар бир түтүнгө 50 сомдон Шекер айыл аймагы боюнча.
Таштандыны уруксаты жок башка жерлерге таштагандыгы үчүн 5500 сом айып салуу.
Шекер айыл аймагынан кум жана топурак алуу карьерлерден алган рейсине салыктын суммасы. 1 кузов ГАЗ-53 100 сом.
1 кузов Камаз 150 сом.
1 рейс Хово автомашина 300 сом
Иштөөчү техникаларга иштегендиги үчүн Катапиль 1 саатка 3500 сом.
Жүктөгөндүгү үчүн.
ГАЗ-53 150 сом.
Камаз 300 сом.
Хово 1000 сом
Камаз 600 сом
Камаз автомашинасы кум,топурак ташыгандыгы үчүн 1 кузову 1500 сом.
Экскватор менен жер казгандыгы үчүн 1 метри 70 сом.

2.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Мураталиевага жүктөлсүн.

Төрага К.Э.Иманалиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 30** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**Үйлөнүү үлпөтүн үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды маркумду эскерүү үрп адаттарын жана маркумга арналган иш чараларды өткөрүүнүн тартиби тууралуу Жобону бекитүү жөнүндө**

2022-жылдын 24-февралындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин ПЖ №54 Жарлыгын жана Шекер айыл аймагынын үйлөнүү үлпөтүн үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды маркумду эскерүү үрп адаттарын жана маркумга арналган иш чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобосунун долбоорун угуп,карап чыгып,талкуулап Шекер айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат**

1.Шекер айыл аймагынын үйлөнүү үлпөтүн үй-бүлөлүк маарекелик салтанаттарды маркумду эскерүү үрп адаттарын жана маркумга арналган иш чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо тиркемеге ылаык бекитилсин (Жобо тиркелет).

2.2022-жылдын 24-февралындагы Кыргыз Республикасынын Президентинин ПЖ №54 Жарлыгын аткаруу максатында айыл өкмөтү тарабынан 7 кишиден кем эмес комиссия курамы түзүлсүн

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Шекер айыл өкмөтүнүн башчысы Б. Мурataлиевага жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Э.Иманалиев**

"БЕКИТИЛДИ"
Шекер айыл аймагынын айылдык
Кеңешинин 2025-жылдын 28-февралындагы
№ 30-токтому менен бекитилди

# Шекер айыл аймагында "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" бекитилген типтүү ЖОБО

1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби
3. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө
4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарды өткөрүүнүн тартиби
5. Көрүстөндү жайгаштырууга,жасалгалоого жана көрктөндүрүүгө,пайдалануу жана күтүүгө экологиялык,санитардык талаптарды,мүрзөдөгү эстеликтердин өлчөмдөрүн,аларды жасоо үчүн материалдар жөнүндө
6. Жергиликтүү комиссия
7. Жобонун талаптарын бузган үчүн жоопкерчилик

## I. Жалпы жоболор

**1.1** Бул Жобо Маркумддарды жайга коюу салттарын каадаларын тартипке келтирүү, кыргыз коомунун руханний-адеп–ахлактык баалуулуктарын коргоо,социалдык адилетүүлүктү камсыз кылуу жана "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө"Кыргыз Республикасынын мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ № 54 Жарлыгына ылайык, " Кыргыз Республикасында үй–бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө" Жарлыгына иш жүзүндө жүзөгө ашыруу, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2 Жобонун максаты Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 14-октябрындагы ПЖ №296 "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча Шекер айыл аймагынын айылдарында маркумду жайга коюуда текебердик,башка адамдардын социалдык абалына менменсинип мамиле кылуу,ашыкча ысырапкорчулук,диний каадаларды жана салттарды этибар албоо сыяктуу терс көрүнүштөрдү жана кемчиликтер кездешет.Маркумдун бир туугандары таштан, граниттен же мрамордон өтө чоң курулмаларды, күмбөздөрдү курууда, маркумдун статуясын орнотууда, мүрзөлөрдү кооз металл тосмолор менен тосууда, өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүү, ашыкча ысырап корчулукка, элдин салт-саанасын, үрп-адаттын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жарымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## 2.Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Шекер айыл аймагында “Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө” бекитилген типтүү жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2. Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобунун тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү сайттарына жайгаштырылат. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып, жобонун долбооруна киргизилет.
Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин сайттарына жарыяланат.

2.4. Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

## 3. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө

3.1. Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди жөнгө салынып, укуктук негиздери түзүлгөн, сөөктү жайга коюуну жүзөгө ашыруу кепилдиктери, сөөк коюлуучу жайды уюштуруу жана маркумду узатуу иштери каралган

3.2. Үй-бүлөлүк салтанаттар Шекер айыл аймагынын айылдарында калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлсүн.

3. Жаңы көрүстөндөрдү түзүү экологиялык жана тарыхый-маданий экспертизанын корутундусу бар болгон жана санитардык талаптар сакталган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунуштарын эске алуу менен экологиялык коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат

## 4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

4.1. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүдө,ар бир айылдарда өткөрүлгөн элдик жыйындын негизинде, бирбодо мал, же бир жылкы союуга уруксат берилсин.

4.2.Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдары мал союну эсепке албаганда айылдарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча өткөрүлсүн..

4.3. Аялдарга таркатуу үчүн жыртыш же жүз аарчуулар жана челпек берүү жагы токтотулсун.

4.4. Майыт чыккан жерге килем көтөрүү, чүпүрөк, токоч жана таттуу каробкаларды алып келүү иштери токтотулсун.

4.5. Майыттын жумалыгы, кыркы, элүү эки күнү, жылдыгы, ашы шартына жараша ысырапкорчулуксуз бир же эки жандык союу менен жөнөкөй тартипте өткөрүлсүн.

5. Көрүстөндү жайгаштырууга, жасалгалоого жана көрктөндүрүүгө, пайдаланууга жана күтүүгө экологиялык, санитардык талаптарды, мүрзөдөгү эстеликтердин өлчөмдөрүн, аларды жасоо үчүн материалдар жөнүндө

Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселеси, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштар камтылмакчы.

## 5.1. Жергиликтүү комиссия

5.1.1. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө аймактык коомдук өз алдынча башкаруусунда түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, маданият мекемесинин, ардагерлердин, аялдардын жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, милициянын, жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.1.2. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара ( анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.

## 5.3. Комиссиянын функциялары

5.3.1. Комиссиялар төмөндөгүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

5.3.2 .Шекер айыл өкмөтүндөгү Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу,маркумдун бир туугандары таштан, граниттен, мрамордон, металлдан жана ушул материалдарды айкалыштыруу менен жасалган монументтерди, статуяларды, эстеликтерди жана мүрзө плиталарын тургузууга жана орнотууга тыюу салуу маселеси, ошондой эле мүрзөдөгү эстеликтерди жана тосмолорду жыгач материалдарынан даярдоо жана бийиктиги 0,70 метрден ашпоосу тууралуу сунуштарды карайт жана калк арасында түшүндүрүү иштерине көмөктөшөт.

## 5.4 Комиссиянын ишин камсыз кылуу

5.4.1 Комиссия төмөндөгүлөргө укуктуу:

5.4.2 Комиссиянын иши анын кеңешмесине бардык мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда ыйгарымдуу деп эсептелет;

5.4.3. Комиссиянын чечими кеңешмеге катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат;

Өзүнүн жыйналышына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын, эмгек жамааттарынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн, каралып жаткан маселеге тиешеси бар өкүлдөрдү чакырта алат.

**Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу**

5.5.1 Комиссияга анын төрагасы жетекчилик кылат.

5.5.2. Комиссиянын жыйналышы зарылчылыгына жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Жыйналышты комиссиянын төрагасы алып барат, ал жокто комиссиянын төрагасынын орун басары алып баргангана укуктуу.

5.5.3. Комиссиянын жыйынында протокол жазылат жана кабыл алынган протоколдук чечим комиссиянын төрагасы жана анын катчысынын колу менен бекитилет;

5.5.5. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын14-октябрындагы ПЖ №296 "Маркумду узатуу жана сөөгүн жайга коюу иши жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын ишке ашыруу боюнча колдонулган тартиптик чара айыл өкмөтүнүн колу менен күбөлөндүрүлүп, каттоо № коюлуп, буйрук менен бекитилет.

5.5.6. Комиссиянын жыйналышы үчүн материалдарды даярдоо жана кабыл алынган чечимдер боюнча ишти комиссиянын жоопту катчысы жүзөгө ашырат.

**6. Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

6.1 Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүү боюнча Жобонун талабын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинде, жергиликтүү жамааттын уставында жана айылдын ички мыйзамдарында жана эрежелеринде каралган тартипте (элдик курултай, айылдык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
АЙТМАТОВ РАЙОНУ
ШЕКЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
АЙТМАТОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШЕКЕРСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2025-жылдын 28-февралы № 31** **Көк-Сай айылы.**

**Шекер айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышындагы депутаттарынын кезектеги № 6- сессиясы**

**2018-жылдын 22-майындагы Шекер айылдык Кеңешинин 8-чакырылышынын кезектеги 22- сессиясынын №10 токтомун жокко чыгаруу жөнүндө.**

Кожолук огороддорунан ашык чыккан жер аянтттарына кожолук огороддун ээсинин кожолук огород ала турган баласы бар болсо,баласына кожолук огород катары мыйзамдуу түрдө бөлүп берүүнү жокко чыгаруу үчүн **токтом кылат**

1. Кожолук огороддорунан ашык чыккан жер аянтттарына кожолук огороддун ээсинин кожолук огород ала турган баласы бар болсо,баласына кожолук огород катары мыйзамдуу түрдө бөлүнүп берилсин деген чечими жараксыз деп табылсын.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Мураталиевага жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Э.Иманалиев**